DOI:10.26104/NNTIK.2022.14.80.056

*Сатыбекова М.А.*

# ПРЕДМЕТТИК ИШМЕРДҮҮЛҮК ЖАНА АНЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

*Сатыбекова М.А.*

# ПРЕДМЕТНАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ И ПУТИ ЕЕ РАЗВИТИЯ

*M. Satybekova*

# SUBJECT ACTIVITY AND WAYS OF ITS DEVELOPMENT

*УДК: 573.22:372.857(575.2)(04)*

*Макалада таанып билүү мамилеси ишмердүүлүк мамилеге алмашып жаткан учурда билим берүүдө окуучунун инсандык өнүгүүсү менен бирге активдүү ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүгүнүн калыптанышы маанилүү экендиги анализденет. Ошондой эле ишмердүүлүк жана предметтик ишмердүүлүк түшүнүктөрү аныкталды. Мектептик биологиянын ишмердүүлүк потенциалын күчөтүү үчүн окуучулардын өздүк предметтик иш-аракеттеринин төрт тиби мүнөздөлдү. Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн багытын кеңири жана адекваттуу алып баруу үчүн биология предметиндеги төрт мазмундук багыттары предметтик ишмердүүлүктүн төрт тиби менен айкалыштырылып алып барылды. Мисал катары педагогикалык экспериментте окуучулардын предметтик ишмердүүлүктөрүнүн калыптануу даражалары ачыкталды.*

***Негизги сөздөр:** ишмердүүлүк, ишмердүүлүк мамиле, предметтик ишмердүүлүк, таанып билүүчүлүк, өзгөртүп кайра жаратуучу, баалуулукка багытталган.*

*В статье анализируется, что формирование способности к активной деятельности наряду с развитием личности учащегося имеет важное значение в обучении, когда происходит смена гносеологического подхода на деятельностный подход. Также были определены понятия деятельности и предметной деятельности. В целях усиления деятельностного потенциала школьной биологии были охарактеризованы четыре вида индивидуальной предметной деятельности учащихся. В целях комплексного и адекватного руководства направлением учебной деятельности учащихся четыре содержательных области по предмету биология были объединены с четырьмя видами предметной деятельности. Как пример дается степень сформированности предметной деятельности учащихся которая выявлена в педагогическом эксперименте.*

***Ключевые слова:** деятельность, деятельностный подход, предметная деятельность, познавательная, преобразовательная, ценностно-ориентированная.*

*In the article, it is analyzed that the formation of the ability for active activity along with the personal development of the student is important in education when the attitude of cognition is changing to the attitude of activity. The concepts of activity and subject activity were also defined. In order to strengthen the activity potential of school biology, four types of individual subject activities of students were characterized. In order to comprehensively and adequately guide the direction of students' educational activities, four content areas in the subject of biology were combined with four types of subject activities. As an example, the degrees of formation of students' subject activities were revealed in the pedagogical experiment.*

***Key words:** activity, activity attitude, subject activity, cognitive, transformative, value-oriented.*

Азыркы учурда гносеологиялык мамиле ишмердүүлүк мамилеге алмашып жатат. Демек, билим берүүдө окуучунун инсандык өнүгүүсүнүн каражатына айланган активдүү ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүктүн калыптанышы негизги максат болуп саналат. Мектеп практикасында окуучунун инсандык жана предметтик өнүгүүсү бири-бирине дал келбейт. Көпчүлүк окуучуларга таандык предметти өздөштүрүүдөгү «каалабайм» мамилеси, инсандык мамиленин максат жок эле, каражат деңгээлинде эле калганын көрсөтөт. Бул процесстин негизи болуп ишмердүүлүктү ишке ашыруу болуп саналат. Ошондуктан биздин изилдөөбүздүн негизин мектеп окуучусунун инсандык өнүгүшүнүн фундаменталдык шарты катары предметтик ишмердүүлүгү алынды. Ишмердүүлүк – бул кеңири маанисинде адамдын дүйнөгө болгон көз карашын; адамдын жаратылышты өзгөртө турган чыгармачылык менен иштөө процесси, ошону менен өзүн иш-аракеттин субъектисине, ал эми өздөштүргөн кубулуштарды – өзүнүн иш-аракетинин объектисине айланта турган конкреттүү жол [1, 39-б.].

Билим берүү айдыңындагы предметтик ишмердүүлүк – бул мектеп окуучусунун инсандык жана предметтик өсүш динамикасын чагылдырган бири-бирине тыгыз байланышкан компоненттердин бирдиктүү системасы болуп саналат [2,12-б.]. Предметтик ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн методикасы мазмундук жана процессуалдык бөлүктөрдөн турат. Бул бөлүктөр өз алдынча дагы бир нече элементтерден турат. Ал эми, окутуунун натыйжасы - предметтик ишмердүүлүктүн мотивдерине дал келе турган ар түрдүү деңгээлдеги предметтик көндүмдөр, окуучулардын, студенттердин инсандык өнүгүшү саналат.

Мектептик биологиянын ишмердүүлүк потенциалын күчөтүү үчүн биз окуучулардын өздүк предметтик иш-аракеттеринин 4 тибин тандап алдык.

**1. Таанып билүүчүлүк предметтик ишмердүүлүк.** Эксперименталдык окутуу процессинин жүрүшүндө окуучулардын биологиялык маселелерди чечүүсү жана проблемалык кырдаалдарды талкуулоолору кызматташуу, өз ара жардамдашуу аркылуу тең укуктуулукту жана ар бир адамдын оюн кунт коюп уга билүүгө бири-бирине урмат менен мамиле кылууга аларды көнүктүрүү коштолду.

**2. Өзгөртүп кайра жаратуучу предметтик ишмердүүлүк** таанып билүүчүлүк ишмердүүлүк менен кошо эксперименталдык биологияны окутууда өнүгүп жүрүп отурат. Өзгөртүп кайра жаратуучу

предметтик ишмердүүлүк «эмгек, практикадан дагы кенен түшүнүккө ээ, анткени ал адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык формаларын камтыйт реалдуу же идеалдуу, мурда болбогон нерсеге өзгөртүү ишке ашырылышы мүмкүн» [3, 54-б.]. Демек, өзгөртүп кайра жаратуучу предметтик ишмердүүлүк табияттагы кубулуштардын өзгөрүүсү орун алган жаратылыштын өз ара аракеттенүүсүнүн сфераларын кучагына камтыйт. Мунун өзгөчө мааниси бар анткени экологиялык кырдаалдын курч проблемаларын чечүүгө окуучулар дагы катышууга мүмкүнчүлүк алышат. Бирок, табият өзүн-өзү жетиштүү жөнгө салуучу касиетке дагы ээ экенин баса белгилей кетүү керек.


Ошентип, өзгөртүп кайра жаратуучу предметтик ишмердүүлүктү биз биринчиден айлана-чөйрөнүн практикалык өзгөрүшү же адам баласынын табиятка тийгизген таасири катары карадык. Экинчиден окуучунун инсандыгын өзгөртүү б.а. жаратылышка болгон мамилесинин жакшы жакка өзгөрүшү ж.б. Мисалы, окуучулардын биология кабинетинде, жандуу бурчта өсүмдүктөргө, айыл чарба өсүмдүктөрүнө кам көрүүсү (6-класс); үй жаныбарларына кам көрүүсү (7-класс); биринчи жардам көрсөтүү ыкмаларын өздөштүрүүсү (8-класс); жаратылышты же айлана-чөйрөнү жакшыртуу боюнча практикалык иштерди жүргүзүүсү (9-класс) [4, 72-б.].

**3.** Окуучулардын өнүгүүсүндө **баалуулукка багытталган предметтик ишмердүүлүк** объективдүү ишмердүүлүктүн жалпы системасында чоң мааниге ээ. Бул ишмердүүлүктүн өзгөчөлүгү - иш-аракеттин бул түрүндө мамилелер объект менен субъекттин ортосундагы, башкача айтканда, баалуулуктар жөнүндө объективдүү жана объективдүү-субъективдүү маалыматтарды бергендигинде. Предметтик ишмердүүлүктө окуучулар баалоонун субъекттери катары чыгышат табигый объектилерди, кубулуштарды, ошондой эле ар түрдүү формалардагы жаратылыштын көркөм өнүгүшүн (сүрөт, адабият, музыка ж.б.) баалай билүүгө үйрөнүшөт. Бул ишмердүүлүк аркылуу мектеп окуучуларынын биология сабагында дүйнөгө гуманисттик көз карашын калыптандыруу ишке ашырылат деп эсептейбиз.

**4.** Мектеп окуучуларынын **коммуникативдик предметтик ишмердүүлүгүнүн** биология сабагын окутууда чоң мааниси бар. Биологиялык жактан сабаттуу болуп, өз алдынча баалуулук багыттары, кырдаалды алдын ала айтуу ыкмаларына ээ болуу менен окуучу жалпы адамзаттын дөөлөтү катары жаратылыш менен баарлашат. Мына ушул иш-аракеттин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, биздин изилдөөбүздө эске алынган.

Мектеп окуучуларынын баяндалган объективдүү ишмердүүлүгүнүн мазмунунда биз баарлашуу жана коммуникацияны бөлүп карадык. Психологиянын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайык барлашууда маалымат активдүү катышуучулар, шериктер болгондо гана айланат жана биргелешип натыйжа чыгарылат: пикир, чечим, аргумент, жүрүм-турум стратегиясы ж.б.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн багытын кеңири жана адекваттуу алып баруу үчүн биология предметинде төмөнкү мазмундук багыттар алынган: 1-тилке: Организм – биологиялык система; 2-тилке: Организмден жогору турган системалар; 3-тилке: Органикалык дүйнөнүн көп түрдүүлүгү жана анын эволюциясы; 4-тилке: Адам жана аны курчап турган чөйрө. Бул мазмундук багыттардагы биологиялык түшүнүктөр предметтик ишмердүүлүктүн типтери менен жуурулушкан, айкалышкан абалда окуучуларга билим берилсе гана предметтик ишмердүүлүк натыйжалуу ишке ашары көрүндү (1-сүрөт) [5].




**1-сүрөт. Предметтик ишмердүүлүктүн типтеринин биологиянын мазмундук багыттары менен айкалышуусу:** 1) таанып билүүчүлүк, 2) өзгөртүп кайра түзүүчү, 3) баалуулукка багыттоочу, 4) коммуникативдик предметтик ишмердүүлүктөр; 5) 1-багыт: Организм – биологиялык система; 6) 2-багыт: Организмден жогору турган системалар; 7) 3-багыт: Органикалык дүйнөнүн көп түрдүүлүгү жана анын эволюциясы; 8) 4-багыт: Адам жана аны курчап турган чөйрө.

Демек, предметтик ишмердүүлүктүн өнүгүшү мектеп окуучуларынын билимин трансформациялоо, окутуунун бардык чөйрөлөрү, окуучулардын жаратылыш менен байланышын баалоо менен максималдуу байланыш шарттарында өтүшү керек. Эксперименттин методикасы ушул багытта жүргүзүлдү.

Натыйжада, биз предметтик ишмердүүлүктү өнүктүрүү боюнча педагогикалык эксперименттин мектептеги биология курсунун педагогикалык экспериментинин этаптарынын ырааттуулугу иштелип чыкты.

Предметтик биологиялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн эффективдүүлүгү биологиянын ар бир бөлүмүн изилдөөнүн аягында окуучулардын предметтик-биологиялык көндүмдөрүн, алардын оперативдүү анализинин негизинде калыптануу даражаларын аныктоо менен коштолду [6]. Бишкек шаарынын №49 орто мектебинин (мугалим: Сатаева Ж.М.) 6-9 класстарынын окуучуларына жүргүзүлгөн экспериментте предметтик ишмердүүлүктөрүн калыптануу даражалары аныкталды (- таблица).

*1-таблица*

**Мектеп окуучуларынын предметтик ишмердүүлүктөрүнүн калыптануу даражалары**

| Предметтик ишмердүүлүктөрдүн калыптануу даражалары | | Окуучулардын саны, % менен | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Эксперименталдык класстар | | | | Контролдук класстар | | | |
| | | 6 класс | 7 класс | 8 класс | 9 класс | 6 класс | 7 класс | 8 класс | 9 класс |
| **Таанып-билүүчүлүк** | төмөнкү | 12,3 | 15,4 | 13,2 | 8,3 | 20,4 | 17,3 | 16,2 | 12,5 |
| | ортонку | 79,6 | 74,3 | 74,7 | 82,1 | 74,5 | 75,2 | 75,6 | 68,6 |
| | жогорку | 8,1 | 10,3 | 12,1 | 9,6 | 5,1 | 7,5 | 8,2 | 8,9 |
| **Кайрадан жаратуучу** | төмөнкү | 9,5 | 11,2 | 12,7 | 5,8 | 9,8 | 12,8 | 16,3 | 14,8 |
| | ортонку | 83 | 80,2 | 78 | 83,8 | 85,4 | 79,9 | 77,2 | 75,7 |
| | жогорку | 7,5 | 8,6 | 9,3 | 10,4 | 4,8 | 7,3 | 6,5 | 9,5 |
| **Баалуулукка багытталган** | төмөнкү | 5,8 | 8,1 | 7,8 | 6,4 | 8,9 | 10,5 | 17,8 | 14,3 |
| | ортонку | 83,7 | 79,2 | 73,3 | 72,8 | 81 | 79,6 | 71,8 | 73,8 |
| | жогорку | 10,5 | 12,7 | 18,9 | 20,8 | 10,1 | 9,9 | 10,4 | 11,9 |
| **Коммуникативдик** | төмөнкү | 6,5 | 6,9 | 5,9 | 7,3 | 10,2 | 13,3 | 14,6 | 10,4 |
| | ортонку | 73,6 | 72,3 | 68,4 | 62,6 | 79,9 | 75,9 | 74,6 | 78,3 |
| | жогорку | 19,9 | 20,8 | 25,7 | 30,1 | 9,9 | 10,4 | 10,8 | 11,3 |

1-таблицада көрүнүп тургандай, предметтик ишмердүүлүктөрдүн калыптануу даражалары контролдук жана эксперименталдык класстарда бир кыйла айырмаланды.

Жыйынтыгында, эксперименталдык окутууда предметтик ишмердүүлүктү мындай 4 түргө бөлүү бизге төмөнкүлөргө:

1) мектеп окуучуларында өнүктүрө турган билгичтиктерди жана көндүмдөрдү ачык көргөзүүгө мүмкүндүк берди;

2) бул иштеп чыгуунун илимий негиздерин аныктоого;

3) мектептик биология курстарынын ортосундагы үзгүлтүксүздүктү камсыз кылууга;

4) 6-9-класстарда биология сабагында предметтик ишмердүүлүктү натыйжалуу уюштуруунун методикалык ыкмаларынын жана каражаттарынын системасын түзүүгө;

5) окуучуларда метапредметтик жана предметтик компетенттүүлүктөрүн комплекстүү өнүктүрүүгө жетишүүгө мүмкүндүк берди.

**Адабияттар:**


1. Философский словарь. / Под ред. И.Т. Фролова. - 2001.- 719.
2. Коростелева Т.В. Развитие деятельностного компонента экологической культуры учащихся в курсе биологии 6 кл.: дис. ... канд пед. наук. - СПб.: 1995. - 192 с.
3. Каган М.С. Человеческая деятельность (Опыт системного анализа). - М: Политиздат, 1974. - 328 с.
4. Сатыбекова М.А., Субанова М. Билим берүү мекемелеринде биологиялык билим берүүнүн мазмунун жаңылоо маселелери. Известия вузов Кыргызстана. 2022. №2. 70-73 б.
5. Коростелева Т.В. Типология предметной деятельности. // Биология в школе. - 2005. - №2. С. 25-28.
6. Усова А.В. О критериях и уровнях сформированности познавательных умений учащихся./ Советская педагогика, 1980. №12. С. 45-48.
7. Сатыбекова М.А. Современные проблемы модернизации биологического образования. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 11. С. 192-196.